КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТЮПСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XVIII-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**2023 жыл 24. 02. №148** **Түп айылы**

**"Ысык-Көл облусунун Түп районунун Түп айылдык аймагынын "Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын" аймагынын чек араларын бекитүү жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 17-бөлүгүнө ылайык, берилген иш кагаздарды карап чыгып, жергиликтүү коомдук өз алдынча башкаруу органын эсептик каттоо максатында Түп айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XVIII-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ысык-Көл облусунун Түп районунун Түп айылдык аймагынын "Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясы" аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (ТОС) эсептик каттоого алынсын.

2.Ысык-Көл облусунун Түп районунун Түп айылдык аймагынын ТОС "Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын" аймагынын чек аралары Түп айыл аймагынын административдик чектерине ылайык бекитилсин.

3.Түп айыл өкмөтүнүн/түп айылдык кеңештин ыйгарым укуктуу адиси тарабынан жүргүзүлгөн ТОС органдарынын журналына каттоо киргизилсин.

3. Бул токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жиберилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Э. А. Чоркозовго жана Түп айыл өкмөтүнүн инвестиция жана гранттарды тартуу боюнча адиси Нурлан кызы Адисага жүктөлсүн.

**Төрайым** **А. О. Орозбекова**